«Сен»

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Айтбосунов Бакыт

Асылым айтып бүткүс асыл адамым,

Өзүңдү жактыраарым кантип танамын.

Сагынып көрбөй калсам бир аз эле күн,

Зарыгып издей берем сенин карааның.

Унутуп жолукканда тарткан санаамын,

Жаркырап жайкы оттой жанамын.

Сен ашыкмын деген асыл сөз менен,

Жүрөгүм козгоп көңүлүм табасың.

Мен өзүңө деген, ак сүйүүм менен,

Жүрөмун коштоп ,чексиз жагасың..

Жактырам ачык күндөй жарык кабагың,

Үнүңдөн коңгуроодой азык аламын.

Сезилбей убакыттын кандай өткөнү,

Бейишке айлангансыйт баардык тарабым.

Тажабай уга берем сүйүү баяның

Махабат кумарына канамын.

Кайрыма

Сен ашыкмын деген асыл сөз менен, көңүлум табасың.

Мен өзүңө деген ак сүйүүм менен

Жүрөмүн жандап чексиз жагасың.

Көздөрүң жана көңүлүм таба

Жайдары күлүп келгенде мага

Унутам санаа тартканым бая

Кучактап сени кумарым кана

Унутуп жолукканда тарткан санаамдын

Жаркырап жайкы оттой жанамын

Сен ашыкмын деген асыл сөз менен жүрөгүм козгоп көңүлүм табасың

Мен өзүңө деген ак сүйүүм менен

Жүрөмүн коштоп чексиз жагасың